**География, экология жана туризм факультетинин тарыхы**

2024-жылы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин география, экология жана туризм факультетине 85 жыл толот. Факультет республикадагы эң ири окуу жана илимий борбор болуп саналат. Бул жылдар ичинде факультете окумуштуу, педагогдордун бир нече муундары эмгектенди.

Педагогикалык институттун өз алдынча бөлүгү катары географиялык факультет 1939-жылы түзүлгөн. Кыргызстандагы биринчи географиялык уюмдун башатында таланттуу окумуштуу-педагогдор Б. А. Лунин, С. А. Татыбеков, И. И. Розанкин, Х. З. Фриев, М. М. Картавов турушкан. Негизи географтарды даярдоо Кыргыз пединститутунун эки жылдык мугалимдик институтунда 1937-жылы эле башталган. Чындыгында, ал кезде саясий экономика кафедрасына бекитилген эки эле мугалими бар чакан бөлүмчө болгон. 1938-жылы география кафедрасы да түзүлгөн. Улуу Ата Мекендик согуш башталаардан мурдараак 4 жылдык окуу мөөнөттөгү географиялык факультетти уюштуруу чечими кабыл алынган. Согуш мезгилинде жана андан кийинки бир нече жыл ичинде да факультетте сапаттык жана сандык олуттуу өсүш болгон. Биринчи курска кабыл алуу 25 адамдан 75 адамга жетип, үч эсеге көбөйгөн. Бул мезгилде факультеттин курамы калыптанып, өнүккөн. Факультеттин ошол курамы Ата Мекендик согушка чейин жана андан кийин географиялык жогорку билим мектебинин салтын чагылдырып, студенттерди маанилүү багыттар боюнча адистештирүү менен ар тараптуу терең билим алуусуна көмөктөшкөн. Илимпоз адистердин чакан тобу топтолгон факультет Кыргыз ССРинин ИАсынын филиалындагы географтар тобу менен бирге республикадагы илимдин өзгөчөлөнгөн борбору болуп эсептелген. Ал мезгилде Тянь-Шандын географиясына байланыштуу бир катар изилдөө маселелери чечилген. Жергиликтүү окумуштуулардын жана көрүнүктүү саякатчылар П. П. Семенов-Тянь-Шанский, Н.М. Пржевальский, И. В. Мушкетов, Н. А. Северцевдин эмгектеринин негизинде факультетте окуу процессин, мугалимдерди жана ЖОЖдордун кадрларын даярдоо, программаларды түзүү иштерин жакшыртуу жүрүп келген. Ошондой эле, тоолуу аймактын жаратылышы жана анын байлыктарынын табигый лабораториясы болгон өз мекенин изилдөө программалары да түзүлө баштаган.

Келечектеги географтарды сапаттуу даярдоого Улуу Ата Мекендик согуш тоскоол болуп, түзүлгөн кырдаалга байланыштуу факультет Пржевальск шаарына эвакуацияланган. Алгачкы студенттер төрт жылдык программаны ылдамдатып, үч жылда окушкан. Ал студенттердин көпчүлүгү, алардын катарында келечектеги генерал-майор Султан Самсалиев фронтко кетишип, алгачкылардан төмөнкү сегиз адис гана окуусун бүтүргөн: А. Волковская, М. Горьковская, Е. Данилина, Б.Зубков,

А. Кравцов, Л. Малышева, С. Умурзаков, Н.Фаткулина. Пединститутун башка бөлүмдөрүндөй эле география факультети да абдан начар материалдык базада түзүлгөн, ошондуктан башка ЖОЖдордун жардамысыз студенттерди окуу китептери, окуу куралдары, илимий адабияттар менен камсыздоо мүмкүн эмес эле.

Согуштан кийинки жылдарда факультетке кабыл алуу 75 студентке жеткирилип, профессор-окутуучулук курам кыйла толукталып, география кафедрасынан физикалык география, экономикалык география, геоморфология жана картография кафедралары бөлүнүп чыгат. Жаңы геология бөлүмү ачылып, геология - географиялык факультет деп аталган.

Факультеттин өнүгүүсүндөгү маанилүү окуялардын бири − Кыргыз пединститутунун Кыргыз мамлекеттик университети болуп уюшулушу. Анын ири бөлүмдөрүнүн бири болуп, 75 студенти бар география факультети эсептелген. Университет болуп уюшулгандан баштап, жаны окуу пландарын иштеп чыгуу менен окуу жакшырып, университеттик деңгээлдеги эң жогорку билимдүү адистерди даярдоо башталган. Бул мезгилде факультеттин өзүнүн кадрлары өсүп жетилип, алгачкылардан болуп С. О. Орозалиев, Г. С. Гужин кандидаттык диссертацияларын жакташкан.



*Кыргыз мамлекеттик университетинин география факулътетшин окутуучулары (1970-ж.)*

1951-жылкы кайра уюштуруудан кийин факультеттин курамына таасир тийгизген олуттуу өзгөрүүлөр жүргөн. Факультет менен катар эле Ош, Пржевальск шаарларындагы жана Кыргыз кыз-келиндер институтунда географиялык факультеттер ачылган. Бул болсо илимий педагогикалык кадрлардын майдаланып бөлүнүшүнө алып келген.

Факультет үч жолу кыскарууга дуушар болуп, натыйжада студенттерди жылдык кабыл алуу 25 адамга чейин кыскарып, ал түгүл факультеттин курамында бир гана кафедра калган учур да болгон. Бирок, ошого карабастан, факультеттин

окутуучулар жамааты өздүк салтын сактоо аракетинде болушкан. Натыйжада, факультет жөн эле сакталып калбастан, сапаттык жана сандык өсүштө болгон, ал жөнүндө калыс сандар күбө болот. Мисалы, 1937-жылы эки эле мугалим болсо, кийинки ар бир он жылдыкта алардын саны эселенип өсүп турган. Факультет өзүнүн дээрлик 85 жылдык эмгек жолунда өлкөнүн мектептери, илимий жана өндүрүштүк мекемелери үчүн 8000 ден ашык географ, эколог жана туризмолог адистерди даярдады. Алардын арасында көптөгөн көрүнүктүү окумуштуулар, ишмерлер, республиканын ардактуу мугалимдери, элге билим берүүнүн мыктылары бар. Республиканын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин географ мугалимдеринин болжол менен 90 % жакыны биздин факультетти бүтүрүшкөндөр. Факультеттин, жалпы эле республикадагы география илиминин калыптанышына Ленинград менен Москванын окумуштуулары: С. Н. Резанцев, А.И. Ракитников, Б. А. Федорович, Н. Г. Гвоздецкий, Н. Т. Хрущев, С. Б. Лавров, С. А. Ковалев, Б. Н. Семевский, В. Г. Крючков, И. В. Никольский, Е. А. Слука, Ю. С. Фролов ж.б. чоң салым кошушту.



*Экономикалык география кафедрасы жыйын өткөрүүдө (1988-ж).*

1954-жылы факультеттин геологиялык бөлүмүнүн негизинде жаңы уюштурулган Фрунзе политехникалык институтунун тоо-геология факультети түзүлгөн. Ошол эле жылы университетте география факультетинин курамында экономика бөлүмү ачылган. Ал эми, 1955- жылы кыз-келиндер пединститутунун географиялык бөлүмү университетке кошулган. 1959-жылы сырттан окуу пединституту жоюлуп, география факультетинин студенттери жана профессор-окутуучулар курамы (доцент С. Ө. Өмурзаков, окутуучулар А. К. Кешикбаев, И. А. Магзумов, Н. М. Лунина), университетке которулган. 1969-жылы Ош пединститутундагы географиялык факультет жоюлуп, анын студенттери жана окутуучулары университеттке которулушкан. Бул учурда факультетке кабыл алуу күндүзгү бөлүмдө 75, сырттан окуу бөлүмүндө125 студентке жеткен. Ал мезгилде Кыргыз ССРинин аймагында географтарды даярдоо бир гана КМУда ишке ашырылган.



*Геоморфология жана картография кафедрасынын жыйыны (1989-ж).*



*Геоморфология жана картография кафедрасынын жыйыны (1989-ж).*

Факультеттин тарыхынын университеттик этабы кыргыз улутундагы көптөгөн мугалимдерди даярдоосу менен да даңктуу. Алар география боюнча сабактарды адистештирилген деңгээлде өткөрүү үчүн республиканын эң алыскы аймактарында да иштешкен.

1979-жылы факультетте жаңы эки кафедра уюштурулган. Биринчиси метеорология жана кургактыктын гидрологиясы кафедрасы факультеттин курамында 1987-жылдын аягына чейин иштеп, кийин кафедранын кызыкчылыгынын өзгөрүшүнө байланыштуу физика факультетинин курамына өткөрүлгөн. Экинчиси чет өлкөлөрдүн экономикалык географиясы жана географияны окутуунун методикасы кафедрасы, ал азыр экономикалык, социалдык жана саясий география кафедрасы деп аталат.

Ал кафедраны 20 жылдан ашуун г.и.к., профессор Н.Б. Бакиров жетектеген.

1992-жылы край таануу жана туризм, 1994-жылы экология жана жаратылышты пайдалануу деген кафедралар уюштурулган. Жаңы кафедралардын ачылыштары менен факультет республикада биринчи жолу илимий жана чарбалык мекемелер үчүн өтө маанилүү адистерди эколог менен туризмологдорду даярдай баштады. 2010-жылдан тартып Кыргыз улуттук университетинин география, экология жана туризм боюнча адистерди даярдаган бөлүмү география, экология жана туризм факультети деп аталат. 2014-2015-окуу жылынан баштап факультет «Гидрометеорология» багыты боюнча бакалаврларды даярдай баштады. 2016-жылга чейин факультетте физикалык география, экология жана жаратылышты пайдалануу, экологиялык туризм, Кыргызстандын географиясы деген беш кафедра иштеген.

2016-жылы ал беш кафедра кыскарып, үч кафедра түзүлгөн: физикалык география, экономикалык география жана туризм, экология жана жаратылышты пайдалануу. 2017-жылы кайрадан экономикалык география жана туризм кафедрасынын негизинде эки кафедра пайда болду «экономикалык, социалдык жана саясий география» жана « туризм жана рекреациялык география». 2024- жылга чейин факультетте төрт кафедра иштеген: «Физикалык география», «Экономикалык, социалдык жана саясий география», «Туризм жана рекреациялык география” жана «Экология жана жаратылышты пайдалануу». Азыркы учурда эки кафедра иштеп жатат: «Физикалык жана экономикалык география» жана «Туризм, рекреациялык география жана экология».

География, экология жана туризм факультетинин бүтүрүүчүлөрүнүн ичинде география, экология, туризм, экономика илимдеринин өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон көрүнүктүү окумуштуулар бар. Факультеттин өсүп-өнүгүшү үчүн анын бүтүрүүчүлөрү КРнын мурдагы вице-премьери, КРнын УИАнын мурдагы президенти, академик Г. К. Койчуев, УИАнын геология институтунун география бөлүмүн узак жылдар бою жетектеген С. Ө. Өмурзаков ж. б. көп эмгек кылышты. Факультеттин 1950-жылкы бүтүрүүчүсү, КР УИАнын академиги, профессор К.О. Оторбаев Кыргызстандагы экономикалык география илиминин өз алдынча илимий багыт катары калыптанышынын негиздөөчүлөрүнүн бири. Ал 1979-87-жылдары КМУнун ректору болуп иштеп, Республикада жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнө чоң салым кошту.

Факультеттин көптөгөн бүтүрүүчүлөрү илимий жана чарбалык мекемелерди жетектешет. Гидрометеорологиялык кызматтын башкармалыгын узак мезгил бою Г. Х. Мухаммедшин жетектесе, философия илимдеринин

доктору О.Т. Тогузаков КРнын УИАсынын философия жана укук институтунун директору, Карасаев атындагы БГУнун ректору болуп г.и.д., профессор Эргешов А. А, БААУнун проректору болуп г и. д. Бобушев Т. С., КЭУнун проректору болуп э.и.д., профессор Атышев К. А., Кыргыз өкмөтүндө бөлөм башчысы болуп г.и.к., профессор Аламанов С. К., Ж. Баласагын атындагы КУУнун проректору болуп г.и.к., профессор Бредихин Н. В., Ж.Баласагын атындагы КУУнун профсоюз уюмунун төрагасы жана төр агасынын жардамчысы болуп Иванов В. К., И. Арабаев атындагы КМУ проректору жана институттун директору, факультеттин деканы болуп г.и.д., профессор Чодураев Т. М., ушул эле университеттин гуманитардык билим факультетинин деканы болуп Ч.Дуйшоналиев, К. Карасаев атындагы БГУнун проректору, деканы болуп Чогулдуров М.А., Молдошев К. О. иштешкен жана иштешүүдө. Факультеттин төмөнкү бүтүрүүчүлөрү Р.Тагаев, М. Юсуров, Т. Орозалиев КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттары болуп шайланышкан. Кыргызстандын ар кайсы жогорку окуу жайларында факультеттердин декандары, директорлору болуп Дылдаев М., Амиров Т ж. б. эмгектенүүдө. Д.Чонтоев КРнын УИАнын суу проблемалары жана гидроэнергетика институтунун директору болуп эмгектенүүдө. Асыкулов Т. А. «НАБУ» эл аралык жапайы жаныбарларды коргоо уюмун жетектейт.



География, экология жана туризм факультетинин бүтүрүүчүлөрүнөн көрүнүктүү экономисттер, экономика илимдеринин доктролору, профессорлор Т.К. Койчиев, Б.М. Минбаев, С.К.Карыбаев, К.А. Атышев жана башкалар чыгышкан.

Көп сандаган жогорку билимдүү адистерди даярдоого Орозалиев С.О., Криницкая Р.Р., Кешикбаев А.К., Магзумов И.А., Бевза Ю.В., Исаев А.И., Чормонов Б.Ш., Осмонов А.О., Бакиров Н.Б., Гречко В.В., Картавов М.М., Байгуттиев С.Б., Жумалиев С.Ж., Середа В.И., Актанова А.Т., Кадыркулов М.К., Жыргалбеков Т.Ж., Алиев З.А., Егембердиев И.Е., Бараталиев О.Б., Кыдралиев А.Т., Жамгырчиев Ж.Ч., Молдошев К.О., Сазыкулов Ш.А., Тороев А., Жусубакунов Т., Кочокбаев М.Ж. өздөрүнүн салымдарын кошушту. Факультеттин окумуштуулары Н. Б. Бакиров, А. И. Исаев, А. О. Осмонов даярдаган Кыргыз Республикасышын географиясы окуу китеби 2000-жылы Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгына арзыды.



*География, экология жана туризм факультетинин жамааты, факультеттин 75 жылдык маарекесинде (2014-ж).*

Факультетти узак мезгилдер бою жетектеген көрүнүктүү окумуштуулардын эмгеги баа жеткис. Кыргызстанда географиялых билим берүүнүн башатында Б. А. Лунин турган. Факультетте 40 жылга жакын эмгектенген доцент С. О. Орозалиевдин факультеттин өнүгүүсүнө кошкон салымы чоң. Факультетти 20 жылга жакын башкарган география илимдеринин доктору, КРдин эмгек сиңирген мугалими, профессор А. И. Исаев факультеттин, экономикалык жана социалдык география кафедрасынын өкүгүүсүнө чоң салым кошту. География илимдеринин кандидаты, элге билим берүүнүн отличниги, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, профессор А. О. Осмонов 1987-98-жылдары факультетти, 1998- 2006-жылдары физикалык география кафедрасын жетектеген. 1998-99-жылдары факультетти география илиминин кандидаты, доцент Ж. Ч. Жамгырчиев, 1999-2011-жылдары география илиминин кандидаты, доцент Т. З. Ниязов башкарган. 2011-жылдан бери факультеттин деканы болуп Р. А. Токторова эмгектенип келе жатат.

География, экология жана туризм факультетинде 2 кафедра, 3 окуу жана илим изилдөө лабораториясы, 1 окуу талаа практикасы үчүн базасы бар.

Факультет жогорку квалификациялуу бакалавр жана магистрлерди даярдайт. Бакалавр жана магистрлерди даярдоо үч багыт боюнча жүргүзүлөт: «География», «Экология жана жаратылышты пайдалануу», «Туризм».

Республикалык, университеттик масштабда өтүлүүчү геогафиялык, экологиялык олимпиада, ар кандай экологиялык, географиялык, туризм багытындагы илимий иш-чараларга, конференцияларга, форумдарга факультеттин окумуштуу жана студенттеримагистранттары, аспиранттары активдүү катышып, дайыма алдынкы орундарды алып келет.

Факультеттин жааматы «География», «Картография жана геоинформатика», «Гидрометеорология» багыттарынын стандарттарын түзүүчүсү жана окуу методикалык курамынын жетекчиси. Ал эми «Экология



жана жаратылышты пайдалануу», «Туризм» багыттарынын стандарттарын түзүүдө, окуу методикалык куралдарды экспертизадан өткөзүүгө активдүү катышат.

Факультеттин коллективи жана бүтүрүүчүлөрү (2019-ж.)

Ошондой эле факультеттин жааматы 1992-жылы республикада биринчилерден болуп «Туризм» багытында студенттерди даярдоону жөнгө салган. Алардын аракети менен 2017- жылдан баштап бардык жогорку жана орто

билим берүү окуу жайларынын бардык факультеттерине «Кыргызстандын географиясы» сабагы киргизилип, бүтүрүүчүлөрү география боюнча мамлекеттик экзамен тапшырышат.

Факультеттин дагы бир айырмачылыгы жаш адистерди даярдоодо окуу-талаа практикаларын уюштурууга чон көңүл буруп, студенттер 1-2 - курстарда үч жумалык мөөнөттө кереметтүү Ысык-Көлдө, Чүйдүн Ала-Арча, Кегети капчыгайларында окуу-талаа практикасын өтүп келишет. Ошондой эле, ал практикаларга чет өлкөлүк студент, магистранннтар дагы катышууда. 1-2-курстарда Бишкек шаарында шаардык, топографиялык практикаларды өтүшөт. 3-курстан баштап өндүрүштүк практика башталып, пратиканы Кыргызстандын гана чегинде өтпөстөн, чет өлкөдөн дагы өтүп келишет. Мындан тышкары жогорку курстун студенттери эл аралык экспедицияларга дагы активдүү катышышат. Акыркы жылдары окуу процессин жакшыртуу максатында алгылыктуу иштер аткарылып келүүдө. Чет өлкөдөн келген окумуштуулар дагы лекция окуп кетишүүдө. Окуу китептердин электрондук базасы түзүлүүдө. Кыргыз тилинде ондогон окуу куралдары, окуу методикалык окуу куралдары жарык көрдү.

Жылына факультетти жүзгө жакын бүтүрүүчү аяктап, Кыргызстандын булуң бурчунда, чет өлкөлөрдө эмгектенишүүдө. Факультеттин бүтүрүүчүлөрү Кыргызстандын ар бир жогорку окуу жайында , илимий изилдөө инстуттарында, министрликтерде, агенстволорунда иштеп, өлкөбүздүн өнүгүшүнө чоң салым кошууда десек жаңылышпайбыз.

Факультетте илим изилдөө иштерине дагы чоң көңүл бөлүнүүдө. Азыркы учурда жаратылыш шарттарын жана ресурстарын изилдөө, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, адам баласынын айлана чөйрөгө, климаттын өзгөрүшүнүн жаратылыш компоненттерине тийгизген таасирин, республикада туризмди өнүктүрүү багыттары боюнча илим изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Эл аралык, республикалык жана университеттик гранттар менен дагы иштешет. Мындан тышкары Ерасмус+ жана башка эл аралык уюмдар менен дагы илимий иштер жүргүзүлүүдө. Ал проектилерге окумуштуулар менен биирге студенттер, магистранттар дагы тартылууда. А.Ж.Кендирбаева, М.Т.Дүйшөнакунов,Р.А.Токторова, К.Ж.Жумашев, Нарынбек уулу Курманбек, жана башка мугалимдер чет өлкөлүк студенттерге лекция окушуп, алар менен чогу окуу-талаа практикаларына дагы чыгышат. Жылына факультеттин окумуштуулар жааматынын көптөгөн илимий макалалары жарык көрөт.

Көптөгөн жылдар боюу факультетте көрүнүктүү окумуштуулар эмгектенип, география, экология илимдеринин өнүгүшүнө чоң салым кошуп келүүдө. Азыркы мезгилде факультет илимий проблемаларды өз алдынча чече алууга мүмкүнчүлүгү бар, күч-кубатка ээ. Факультеттин учурда иштеп жаткан эки кафедрасында өз ишин жакшы билген профессорлор, доценттер жана тажрыйбалуу окутуучулар эмгектенишет. Алардын катарына профессор, доценттер К.Ж. Жумашев, Т.Н. Кулматов, И.О. Оморов, Т.З. Ниязов, С.К. Аламанов, Т.А. Супатаев, А.Ж. Кендирбаева, Р.А. Токторова, Р.Б. Осмонбекова, Нарынбек уулу К., Л.А. Приходько, Т.А. Төрөбекова, Н.К. Теңирбердиев, М.Т. Дүйшөнакунов, ага окутуучулар Г. А. Базарова, А. А. Мамбеталиева, М. Н. Мамбетова, М. А. Жакияева, Ж.К. Чуңгулов, Г.М. Джумалиева, О.А. Топбаев, Э.Т. Жолочиева, Ч.Ч.

Осмоналиева, А. Бусурманкулова, А. Ш. Сарсеитова, А.В. Асангемир, Б.И. Шаршеев, В.Т. Козубаева, Ы.Б. Анкашов, А.Т. Сатыбалдиева, М.Р. Байсеитова, Кенжебек уулу А., Дарылкан кызы К., Кадыралиева Б.К., Г.Абдрахманова, Эсенкул уулу Т., Э. Жолдошбеков, Самүдүн кызы А., М.Н. Нурланбетова, Алдакул кызы Н., А.Ж. Абышова, Эмиль кызы М., Насир кызы Н. эмгектенүүдө. Азыркы учурда факультеттин бүтүрүүчүлөрү Кытайда, Индияда, Москвадагы Элдердин достугу университетинде магистратурада окууда. Ал эми университетте жана илимдер академиясында 9 аспирант окууда. Азыркы күндө республиканын илимий турмушуна активдүү катышкан, иш тажрыйбасын ийгиликтүү өздөштүрүшкөн жаш илимпоз-педагогдор өсүп келе жатышат, алар келечекте өз окутуучуларынын колунан эстафетаны аларына күмөн жок.

География, экология жана туризм факультетинин жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин университеттери менен илимий байланыштары бар. Анын ичинен факультетте Ниигата (Япония), Фрибург (Щвейцария), КазМУ, Грайфсвальд, Гамбург, Берлин Эркин университети (Германия), Висконсин (АКШ), Познань (Польша), Румыния, Санкт - Петербург, Москва (Россия) университеттери менен адистерди, студенттерди алмашуу боюнча келишим түзүлгөн.

Факультеттин дагы бир чоң жетишкендигин 2019-жылы Кыргызстандын ЖОЖдорунун арасында жүргүзүлгөн институционалык рейтингинде табигий илимдер жана география багыты боюнча 1-орунду ээлеши дагы көрсөтүп турат.